1.1. Көрсөтүлгөн эрежелер өндүрүштүк агым суулардын Беловодское а.канализациясына кабыл алуу талаптарын тактайт.

1.2. Эрежелер негизинде иштелип чыккан:

- 1994-жылдын 5-сентябрындагы Кыргыз Республикасындагы жаратылышты коргоо боюнча Мамлекеттик комитетинин буйругу менен бекитилген агым суулардын канализация системасына кабыл алуу Эрежелери;

- 1993-жылдын 9-августундагы Кыргыз Республикасындагы жаратылышты коргоо боюнча Мамлекеттик комитети менен бекитилген Кыргыз Республикасынын сырткы сууларын коргоо Эрежелери.

1.3. Эрежелер бардык өнөр жай ишканалар,уюмдар жана башка жактар үчүн алардын ведомстволук таандыгына карабай милдеттүү болуп саналат,алардын өндүрүштүк агым суулары борбордук канализациялык тармакка түшүрүлөт.

1.4. "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ ишканалардын берилген эрежелерди сактоосун көзөмөлдөйт жана аларды бузса күнөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартууга укугу бар Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык.

2. Борбордук канализация системасына түшүрүлгөн өндүрүштүк агым сууларга берилген талаптар.

2.1. Борбордук канализацияга канализациялык тармактарынын жана курулмаларынын ишин бузууга алып келбеген өндүрүштүк агым суулары кабыл алынат,алар "Охрана поверхностных вод" талаптарына ылайык турмуш тиричилик агым суулары менен биргеликте тейлөө персоналы үчүн коркунуч алып келбеши керек.

2.2. Шаардык канализацияга өндүрүштүк агым сууларды түшүрүүгө тыюу салынат курамында бар болсо:

- киши үчүн зыян газдарды (сероводород,окись углерода,цианистый водород,сероуглерод,пар легколетучих ароматических углеводородов) чыгарып турган,кошулмалар;

- күйүүчү аралашмалар жана эриген газ заттар.

- шаардык канализациянын курулмаларын булгоочу булгануулар (түтүктөр,кудуктар,торчолор ж.б.) же аларга топтолгон акиташ, кум, гипс, металл кырындысы, булалар ж.б.

- агым суулардын биологиялык тазалыгын начарлатуучу заттар;

- ээрибеген майлар,чайырлар жана мазут;

- биологиялык кыйынкычкылдануучу органикалык заттар;

- биологиялык (катуу) үстүңкү-активдүү заттар (ПАВ);

- балык чарба көлмөлөрүндөгү сууколдонмолордогу заттар;